## Тестке нускама

Предметтер боюнча берилген тесттердин максаты окуучуларга «Алтын тамга» тестинин базасына киргизилген тапшырмалардын негизги форматтары менен таанышууга мүмкүнчүлүк берүү болуп саналат. Бул тесттик тапшырмалар тесттен өтүүгө өз алдынча даярданууга багытталган.

Тест Кыргыз Республикасынын билим берүү программаларына жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык окуу предметинин мазмунун толук чагылдырат. Стандарттуу тесттер **төмөнкү формалардагы** тапшырмаларды камтыйт:

- **жабык** (сунушталгандардын ичинен туура жоопту тандоо);
- **ачык** (тапшырма окуучудан кыска жоопту(бүтүн сан) талап кылат);
- **туура ырааттуулукту(иретин) аныктоо**;
- **дал келүүнү аныктоо** (сол тилкедеги элементтин тамгасынын жанына оң тилкенин тиешелүү элементинин номерин жазуу, б.а. эки элементти тиешелүү жупка туташтыруу, сол жактагы ар бир тамгага оң жактан бир гана номер дал келет).